83.

# Жомоктор



83
Ж-91

# ЖОМОКТОР

НООКЕН РАЙОНДУК БОРБОРДУК
КИТЕПКАНАСЫ
Инв. № 5-И.
47800-45

# МАЗМУНУ


Абышка мөнен дөө .................... 3

Булардын кайсынысы чоң .................... 3

Кемпирдин жети баласы .................... 5

Сүйлөбөс кыз .................... 8

Ач карышкыр .................... 13

Түлкү, жолборс, аюу жана карышкыр .................... 15

Мактанчаак түлкү .................... 17

Алтын куш .................... 20

Апенди менен хан .................... 22

Бала менен сыйкырчы .................... 25

Акылсыз карышкыр .................... 28

Алтын данек .................... 29

Карышкыр менен бээ .................... 30

Ата-бала .................... 30

Сарымсак байдын өлүмү .................... 33

Булактагы сулуу кыз .................... 35

Нан жөнүндө уламыш .................... 36

Жээренче чечен менен Алдар көсө .................... 38

Жез кемпир .................... 39

Моймандос жолборс .................... 41

Ажыдаар аял .................... 42

# Абышка менен дөө

Илгери кедей абышка ар кимдин ишин иштеп, эптөп оокат өткөрчү экен. Бир күнү жолдон жумуртка таап алды. Андан ары барса дөө жолукту. Абышка дөөдөн аябай коркуп, бирок ошол замат амал ойлоп:

– Эң сонун болду, сени таап кел деп, кудай мага тапшырды эле, издеп жүрүп чарчадым, – деди.

– Кудай мени эмне кылат экен, биле алдыңбы? – деп сурады дөө, шаштысы кетип.

Абышка дөөнүн корккону сезип:

– Кудай өзүнө алтын сарай салдырат экен. Ошонун ылайыктуу устуну жок болуп жатат. Ага сен ылайыктуу экенсиң, ылдам жүр, кечигип калдык, – деди.

Абышканын айтканына анчалык ишенбей, дөө муну менен сынашып көрмөк болду. Куу тобулгунун сары суусун чыгара кармаш үчүн убада кылышты. Дөө кууураган тобулгуну бычырата кармады эле, суу чыккан жок. Кезек абышкага келип, колундагы жумуртканы тобулгу менен кошо кармаганда жумуртка жарылып, сары суу агып кетти.

Муну көргөн дөө абышкадан чындап коркуп:

– Айланайын абышка, ырайым кылып мени бошот, азырынча муну ала тур, – деп ат башындай алтын берди.

Абышка алтынды алып:

– Мейли эми, дөөнү издеп таппадым деп, кудайга айтып койойун, – деди да, өз жолуна түштү.

# Булардын кайсынысы чоң

Алабаш деген чалдын жалгыз карала өгүзү болуптур. Өгүздү дайыма өзү бакчу. Күндөрдүн биринде Алабаш узак жолго камынып, улуу баласына:

– Сен өгүзгө убактысы менен жем-чөп бергин, – дептир.

Кичүү баласына:

– А сен убактысы менен жетелеп барып сугарып тургун, – дейт да, өзү жүрүп кетет.

Алабаштын улуу баласы өгүздүн оозун тындырбай чөп берип турду. Арадан бир жума өттү. Сегизинчи күнү өгүз такыр чөп жебей калды.

– Буга эмне болду?.. Ылаңдап калдыбы? Сен бирдеме билчү белең? – деп сурады агасы инисинен.

– Жок, муну атам гана билет.

Эки бир тууган жолдун боюнда өткен-кеткенден өгүз канткенде чөп жей турганын сурай беришти. Күүгүм кире бир абышка өтүп:

– Өгүзүңөр чөп жебесе – суусап калганы ошол; эртең Алакөлге жетелеп барып сугаргыла, – деди.

Атасынын тапшырган ишин аткарбаган кичүүсү ошондо гана эстеди. Көрсө, өгүз бир жумага чейин суу ичпептир.

Эртеси өгүздү Алакөлгө алып барып сугарды эле, ал көлдү бүт ичип койду. Көл таза соолуп калды. Бала бул укмушту агасына айтмак болуп, өгүздү ошол жерде таштады да, өзү үйгө жүгүрдү.

Соолгон көлдүн ордунда калган балык өгүздү шак жутуп алды. Ал таноосун дөрдөңдетип, оозун ачып, ары-бери ооналактап жатканда, кайдан келгени белгисиз кара бүркүт шукшурулуп кирди да, балыкты зooканын үстүнө көтөрүп барып жей баштады. Балыктын ичинен чыккан суу дарыядай ташкындап акты...

Ал аккан суу асканын түбүндө уктап жаткан абышканын бетине куюлганда, чал чочуп ойгонуп: “Күн азыр ачык эмес беле” деп күндү караса, көзүнө эмнедир түшүп кеткен сыяктанды. Абышка үйүнө келип, көзүн кызына каратты. Кызы ары карап, бери карап, көзүнүн кычыгынан бир нерсени алып ыргытты. Көрсө, көлдү бүт жуткан өгүздүн далысы экен.

Арадан бир нече күн өткөндө кербенчилер: “Ушул жер түз жер экен” дешип, кыз ыргыткан далынын үстүнө жатып калышты. Таң аппак атты. Кербенчилер ойгонуп, кайдадыр жылып бараткандын сезишти. Карашса кызыл түлкү бир нерсенин четинен тиштеп сүйрөп баратат. Кербенчилердин бири мылтыгын алып, түлкүнү атып жибергенде, түлкү жыгылып калды.

Кырк кербенчи кырк жагынан түлкүнүн терисин сыйрышты. Бул ишти күн чыга баштап, күн бата бир капталын зорго сыйрып бүтүштү. Экинчи капталын сыйрыш үчүн аны оодара албай коюшту.

Аңгыча жолоочу катын жетип келди да:

– Соогат! Ушул түлкүңөрдүн бир капталын мага бергиле мен сыйырып алайын. Жаңы төрөлгөн балам бар, ошого тумак чыгар, – деди.

Аябай чарчап, муну эми оодара албасына көзү жеткен кербенчилер:

– Ала коюңуз, – дешти.

Катын ат үстүнөн туруп түлкүнү эңип алды да, бастырып кетти.

Кана, балдар, ойлонуп көргүлөчү: өгүз, көл, балык, бүркүт, чал, түлкү, катын жана жаңы төрөлгөн баланын кайсынысы чоң?

# Кемпирдин жети баласы

Өткөн заманда бечара кемпирдин жети уулу болгон экен. Жети баласынын ар биринин өзүнче өнөрү бар. Күндөрдүн биринде энеси кимисинин өнөрү күчтүү экенин сурап калды. Балдарынын ар бири өз өнөрүн кезек менен айта баштады.

Эң улуу баласы:

– Мен алпкаракуш асманда торгойдой болуп, көзгө араң көрүнсө да атып түшүрөм, – деди.

– Мен жети жыл мурун кеткен кумурсканын изин билем, – деди экинчиси.

Үчүнчү баласы:

– Мен эки дүйнөдө эмне болуп жатканын өз алаканыман карап көрө алам, – деди.

Төртүнчүсү:

– Мен дарыя жана деңиздерден көз ачып-жумгуча кеме жасап өтөм, – деди.

– Мен ачка болгон жерде, каалаган тамакты табам, – деп бешинчи баласы айтты.

Алтынчысы:

– Мен дарыя жана деңиздерден чуркасам, таманыман чаң чыгат, – деди.

Эң акыркы жетинчиси:

– Мен кокусунан жоо келип калса: "Кара жер жарыл!" десем жарылат; ошентип, элди жоодон аман алып калам, – деп сөздү бүтүрдү.

Энеси балдарынын өнөрүнө аябай кубанды. Бирок кимисинин өнөрү артык экенин чече алган жок. Балдары да ар бири өз өнөрүн мактап, талаш-тартып көпкө созулду. Акыры энесинин айтуусу боюнча, Болбос хандын шаарына барып, ошол жерде чындап сынамак болушту.

Жети бала Болбос хандын шаарына кирип, анын ичи ызы-чуу түшүп жатканын көрүштү. Балдар таң калышып:

– Бул эмне, шаарга душман кирдиби, азыр сурайлычы, – дешти.

Аңгыча бир абышка жолукту. Булар абышкага салам айтып, ызычуунун жайын сурашты. Абышка алик алгандан кийин:

– Ботом, түнде эл жатарда Болбос хандын жалгыз кызы жок. Болбос хан: – Кызымды таап бергиле, эгер таппасаңар баарыңардын башыңарды алам деп коркутуп, эл түп көтөрө дүрбөп жүргөнү ошол. Эми силер да издешкиле, – деди.

Жети бала хандын кызын кантип издөө жолун ойлоп:

– Ой, биз олуя болбосок ал кызды кайдан тапмак элек? – деди бири.

– Сен эмне, макоосуңбу? Энем өнөрүбүздү сураганда, "Жети жыл мурун кеткен кумурсканын изин билем" дебедиң беле. Кана эми, ал кыз кайда кеткенин билчи! – деп эң улуусу сүйлөдү.

Берки өйдө-ылдый карап туруп:

– Асман менен кетиптир, жерде изи жок, – деди. Анда дагы бирөө:

– Энем сураганда, "Эки дүйнөнү алаканыман көрөм" деп айткансың. Кана, көрбөйсүңбү? – деди.

Бул бала алаканын ачып-жумуп, үңүлө карап:

– Тойбос хандын алпкаракушу көтөрүп учуп баратат, – деди.

Муну уккандан кийин, баары чогуу бойдон жүрүп кетишти.

Жолдо чоң дарыяга кез болушту. Курсактары аябай ачты. Тамак тапкыч бала өзүнче күбүрөп-шыбырап, кап-кап нан, карын-карын май, үч койду даяр кылды. Балдар нанды майга батырып жеп, койлорду союп жатышты. Кеме жасагыч бала көз ачып-жумгуча кемени жасай салды. Тамакка тойгондон кийин баары кемеге түшүп, Тойбос хандын шаарына жөнөштү.

Тойбос хан Болбос хандын кызын түшүндө көрүп ашык болуп, алпкаракушуна алдырткан экен. Жети бала шаарга жеткенде, колго түшкөн сулуу коштой жүргөн кырк кыз менен кошо сууга келе жатыптыр. Ушул учурда баягы суунун үстүнөн чуркагыч бала кемеден секирип түшүп, безеленип чуркады эле, чаң асманга сапырылып калды. Көз ачып-жумгуча кыздарга жетип, Болбос хандын кызын көтөрө качып, кемеге алып келип салды. Кеме кайрадан сызды.

Кызды алып кеткенин угуп, Тойбос хан алпкаракушун балдардын артынан жиберди. Алпкаракуш асманга учуп чыгып, анан торгойдой гана болуп көрүнгөндө, мергенчи бала бир көзүн жумуп, шыкаалап туруп атып жиберди. Алпкаракуш Тойбос хандын эшигинин так алдына барып түштү. Кемедеги балдар кургакка чыгып, андан ары дагы жөнөштү.

Тойбос хан алпкаракуштун өлгөнүн көрүп, балдардын артынан көп киши жиберди. Алар жакындап келген кезде, баягы эң кичүү бала: – Жарылгырдын жери, жарыл! – деп кыйкырды. Жер жарыла калып, балдар түбүнө түшүп кетти. Тойбос хандын аскерлери кайра кайтышты. Аскер башчысы эки колун бооруна алып, Тойбос ханга даттана сүйлөп:

– Таксыр ханым, бул кызды алып кеткен адам эмес, анык эле Азирейил экен, эгер андай болбосо, дарыянын үстүнөн чуркаганда кантип чаң чыгат? Асманда торгойдой болуп көрүнгөн алпкаракушту кантип ыргыта атат? Жерди жарып кирип кетүүгө кимдин күчү жетет? – деди.

Тойбос хан аскер башчысынын сөзүн угуп коркту да, мындан ары бирөөнүн кызына көз артпас үчүн ант берди.

Жер астына кирип кеткен жети бала Болбос хандын так коломтосунан чыгалы дешти. Жер солкулдап, жарака кете баштаганда, шаардагылар аябай коркуп, бүт бойдон тоого качышты.

Жети бала жердин үстүнө чыгып, шаардан бир да кишини таппай калышты. Кызды атасынын үйүнө отургузуп, койду союп, этин казанга салып, от жагышты.

Өз үйүнөн чыккан түтүндү көрүп хан: "Ким барып келет?" деп элинен сурады. Эч киши чыккан жок. Акыры хан ата-энесиз жетим баланы зордук менен жөнөттү.

Жетим бала:

– Өлсө кунсуз, сатса пулсуз менмин, барбасам башымды алат, – деп ичинен сыздап жүрүп отуруп шаарга келди. Хандын үйүн акырын шыкаалап көрсө: жети бала казандагы этти кайнатып жатышат. Төрдө Болбос хандын өз кызы отурат. Жетим бала кайрадан чуркап, ханга сүйүнчүлөп келди.

Болбос хан эли-журту менен келип, кызына учурашты. Кыз жети бала кантип куткарганын атасына айтып берди. Хан жети баланын өнөрүн билгенден кийин: "Мага кызмат кылгыла", – деп өтүндү. Балдар хандан "Кимибиздин өнөрүбүз артык – ушуну чечип бериңиз. Ошентсеңиз кызматыңызды кылабыз, болбосо кылбайбыз", – деп жооп кайтарышты.

Ошол күндөн ушул күнгө чейин бул жетөөнүн кимисинин өнөрү артык – аны эч адам чече албай жүрөт дейт.

## Сүйлөбөс кыз

Өткөн заманда бир хан болуп, анын акыл кошкуч мыкты вазири бар экен. Хан да, вазир да бала көрбөй, көпкө чейин зарлап жүрүштү. Бир жылы хандын зайыбы эркек, вазирдин зайыбы кыз төрөдү. Бой жетип чоңойгондо, ата-энелери экөөнү үйлөнтүп коюшту. Хандын уулу Мээнетбек акылы тайкы, шайкелең, вазирдин кызы Акылжан акыл-эстүү, токтоо киши болду.

Күндөрдүн биринде Мээнетбек ойлонуп отуруп, Акылжанды чакырып алды да:

– Мен сени менен тура албайм! Мен вазир эмес, хандын кызын алышым керек, – деди.

Акылжан муну угуп, сөздү кесе сүйлөдү:

– Өз оюңдан калба, мен макулмун. Сага эми эң акыркы

жолу дагы бир акыл айтайын. Үзүр шаарында Жаннат аттуу акылман, сулуу кыз бар. Аны ким үч ирет сүйлөтсө – ошол алат. Эгер мыкты болсоң – ошого жет, – деди.

Арадан көп күн өтпөй, Жаннатты издөөгө Мээнетбек жалгыз аттанып кетти. Нечен күн, нечен түн жол жүрдү. Арып-ачып, аты ыргайдай, өзү торгойдой болду.

Көп күн жана түндөр өтүп, акыры толук токсон күн дегенде, Жаннат кыздын шаарына жетти. Анын ордосуна кирип баратып, дарбазада мындай деп жазылган жазууну окуду: "Ким да ким үч сүйлөтсө – Жаннат ошого тиет. Эгер сүйлөтө албаса – өлөт".

Ордонун сакчылары Мээнетбектин атын алып, өзүнө тамак берип, бир аз тыныккан соң, Жаннаттын үстүнө ээрчитип киришти.

Мээнетбек Жаннатка кол куушуруп таазим кылды да, анын жанынан орун алды. Эртең менен сөз баштаган Мээнетбек өзү туулгандан берки көргөн-билгенин бүт айтып, таң атырды. Жаннат эч үн чыгарган жок. Таң аппак атып, боз торгой чурулдаган кезде, хандын коңгуроосу кагылды.

"Кечеги келген жигит Жаннатты сүйлөтө алган жок, эми хан ага жаза колдонот" деп жарчы жыйылган элдин баарына маалымдады. Хандын буйругу боюнча Мээнетбек зындандын түбүнө түштү.

Жаннат кыздын ордосунда тамак бышырган аял Мээнетбекке жаны ачып, бир күнү аны чыгарып алды да, үйүнө ээрчитип келип, эки жума баккандан кийин музоо кайтартып койду. Ошентип, бир жылдан ашык убакыт өттү.

Мээнетбек жөнүндө эч кабар билбеген Акылжан атасынан уруксат сурап, эркекче кийинип, жарак-жабдык асынып, күйөөсүн издеп чыкты. Бир нече күн жол жүрүп, Үзүр шаарына келди. Хандын сакчылары Акылжандын атын алып, өзүнө тамак берип, тыныккан соң, Жаннат кыздын үстүнө киргизди. Акылжан кол куушуруп таажым кылды да, Жаннаттын бет маңдайына отурар замат сүйлөй баштады:

– Жаннат кыз, мен сүйлөгөн сөзгө кулак салып, адилеттик кылыңыз. Менин айтайын дегеним элдин сөзү. Эч ким туура чечпегендиктен сизге келдим. Ал мындай: жакында эле жыгач

уста, темир уста, кийим тиккич жана молдо узак жолго чыгышат. Жүрүп отуруп бир күнү кеч киргенде калың токойдо өргүп калышат. Токойдун жырткыч айбандары көп болгондуктан, кезек менен аттарын кайтарышат. Биринчи кезек баарынан кичүү жыгач устага ыйгарылат. Ал аттарды карап отуруп эригет да, бир дөңгөчтү жонуп, келишкен сулуу кыздын кебетесин жасап тургузуп коёт. Экинчи кезек кийим тиккичке келет. Жыгачтан жасалган кызды көрүп, анан ал өз өнөрүн көрсөтмөк болуп, кездемеден кийим тигип, кызга кийгизип салат. Үчүнчү кезек темир устага жетти. Ал берки экөөнүн өнөрүн көрүп: "Мен булардан кем бекем" деп, алтын күмүштөн шөкүлө, билерик, сөйкө, кала берсе топчусуна чейин тагат. Акыры кезек молдого келет да, ал барып жасалгалуу жансыз кызды көрүп: "Мен да өз өнөрүмдү көрсөтөйүн" деп, кызга жан киргизет... "Бул кыз мага тийиштүү" деп талашып – тартышып, эртеси төртөө тең чарчап бүтөт. Акыры биздин элдеги кара кылды как жарган калыстарга келишет. Калыстар: "Ушул ишти биринчи ойлогон жыгач устага тийиштүү" дешет. Буга сиз кандай дейсиз?

Эч качан үн чыгарбас Жаннат эми чыдай албай:

– Жок, кызга жан киргизген молдо алышы керек, – деп кыйкырып жиберди.

Жаннаттын сүйлөгөнүн билдирип, ошол замат коңгуроо кагылды.

– Эмки сөз мындай, – деп дагы сүйлөдү Акылжан: – Бир кишинин үч баласы болот. Алар үйлөнүш үчүн бир кызга үчөө тең кызыгат. Чатак ырбап кетпесин дейт да, атасы үчөөнүн ар бирине миң дилде берип:

– Эң баалуу буюмду кимиң алып келсең – бул кыз ошонуку, – деп балдарын алыскы шаарга жөнөтөт.

Буларды эң улуусу кырк күнчүлүк жерге бир күндө учуп жете турган килем, ортончусу төгөрөктүн төрт бурчун тегиз көрсөтө турган таш күзгү, эң кичүүсү бир тиштеп жесе өлгөнү жаткан киши тириле турган алма сатып алды. Үчөө кайра жолго чыгып, эмне сатып алганын өз ара айтып өтүштү.

– Кана эмесе, күзгүң менен өзүбүздүн айылды көрөлүчү, – деди улуусу ортончусуна.

Үчөө күзгүдөн караса баары эле аман-эсен, бирок баягы

кыз өлгөнү жатканын жана анын төшөгүн курчаган элди көрүштү. Үчөө килемге отуруштү да, учуп жөнөштү. Кыз ырас эле өлгөнү жаткан экен. Балдардын эң кичүүсү алмасын тиштетер замат ал кыз: "Оф, ушунчалык катуу уктаган экем" деп тура келет.

Үчөө кызды дагы талашты. Калыстар: "Биринчи көрген күзгүнүн ээси алат" дешти. Мен буга макул эмесмин, эми сиз калыстык кылыңыз: кыз кимге ылайык?

Жаннат шашып:

– Алмасын тиштеткен балага ылайык, а берки экөөнүн буюму эч корогон жок, – деди.

"Жаннат экинчи ирет сүйлөдү" деген кабарды салып, коңгуроо дагы кагылды.

Акылжан үчүнчү суроосун чечип берүүнү өтүндү:

– Кыйын ууру, чоң балбан жана жел жетпес күлүк үчөө жол жүрүп келатса, бир жерде ата-энеси кызын алтымыш жаштагы абышкага бергени жатыптыр. Кыз ага "барбаймын" деп ыйлаганын угуп, үч жолдош кызды куткарып калмакчы болот. Бирок кантип ала качат: кызды кайтарып калышкан экен.

– Мен уурдап келем, – дейт да, ууру бир үйгө кирип, кыздын кийимин уурдап кийип, анан чалга бергени жаткан кызга жетип, аны эптеп сыртка ээрчитип чыгат. Даяр турган жел жетпес ошол замат кызды көтөрүп сызат. Жер жайнаган киши кууп жөнөйт. Балбан жигит алардын жолун тосуп, бирин да жибербей кайра айдайт. Үчөө айылына келип талашып: "Кыз кимибизге тийиштүү" деп калыска келишет. Калыстар: "Ууру алсын" деп чечишти. Буга сиз кандай дейсиз?

Жаннат дагы шашып:

– Жок андай эмес, жел жетпес алышы керек, – деп үчүнчү жолу сүйлөдү.

– "Жаңы жигит Жаннатты үч жолу сүйлөттү" дегенди билдирип, коңгуроо эми үч жолу урулду. Шаар ичи дүңгүрөп калды. Жалпыга маалым убада боюнча, Жаннат бул жигитке тийүүгө макул болду.

– Сени алуудан мурда эли-журтуң менен таанышайын, шаарыңды аралап көрөйүн, – деди да, аттанып шаар аралап,

айыл кыдырып, Мээнетбекти издеди. Бир күнү талаада музоо кайтарып жүргөн Мээнетбекке жолукту. Анын чачы менен тырмагы аябай өсүп, этин какач басып, кийими тытылып, кейпи кетип, алсырап кеткен экен. Акылжан аны киринтип, өз кийимин бүт кийгизип, күйөөсүн дал өзүнө окшотуп:

– Сен эми мен болуп калдың... Жаннат кыз тиет сага. Бирок ал кызга эч сөз айтпай кирип бар, – деген акылды үйрөттү да, өзү ошол жерден үйүнө кайтып кетти.

Мээнетбек Жаннатты алып, элине шаан-шекөт менен келип түштү. Эл чогулуп, чоң той болду. Мээнетбекке учурашуу үчүн Акылжан да келди. Мээнетбек аны көрөр замат:

– Мага жолобосун, ары жибергиле! – деп кыйкырды.

Акылжан кайра басып, эми ханга барды:

– Ханым, датым бар: сиздин алдыңызда балаңыздан эки ооз сөз сурамак элем... Уруксат болсо, кепчүлүктүн көз алдында мен айтып, сиз уксаңыз, – деди.

Хан макул болуп, жаш-карынын баарын чакырды. Жаннат кошо келди. Акылжан Мээнетбектен минтип сурады:

– Жаннат: кызды сиз кандай аракет, кандай сөз менен сүйлөттүңүз? Сиз музоо кайтарып жүргөн кезде кимге жолуктуңуз? Ал ким эле?

Хандын уулу Мээнетбек моюн бербей:

– Өзүм эле сүйлөшүп алгам, мен эч качан музоо кайтарган эмесмин, эч кимге да жолуккан эмесмин, – деп тайсалдады.

Акылжан ачуусу келди да:

– Жаманга жакшылык жарашпайт. Мына бул кийим, бул чач, тырмактар эмне? – деп куржундагы Мээнетбектин "жасалгасын" чачып жиберди да, Жаннатты кандай жол менен сүйлөткөнүн айтып өттү. Жаннатын ичи күйүп:

– Мен муну билген эмесмин, эми мен хандын уулуна турбайм, азыр кетем! – деди.

Хан башынан макоо уулуна нааразы, Акылжанга ыраазы болуп, эли менен кеңешип, хандыкты Акылжанга, вазирликти Жаннатка берген экен. Ошондон кийин "Акыл айга учурат" деген сөз тарaптыр.

# Ач карышкыр

Чоң суунун боюн жөке ээлеп, ошол жерде оюна келгенин кылган, жолукканды тыткылап моокусу канган дөбөт карышкыр болуптур. Ошол өзөндү ээлегенине элүү жыл болот. Бирок ошондо да тойбой, акыры ач карышкыр деген атка конуптур.

Күндөрдүн биринде жортуп келатып, бул Карышкыр канаты сынган Карчыгага кезикти. Кубанычы койнуна батпай:

– Ой, мен сени жеймин! – деди.

– Эмне үчүн, Каке?

– Курсагым ачка, таппадым сенден башка, – деди Карышкыр тилин саландатып, шилекейин агызып.

– Андай кылба, Каке, мени жегениң менен карыныңа как, жумуруңа жук болбойм. Көрчү мени, аркайган сөөгүм гана турат. Мындан ары барсаң – тээтиги дебөдө узундугу бир кулач чучук жатат. Ошону жесең, сонун тойбойсуңбу! – деди Карчыга.

– Эмесе макул, – деди да, Карышкыр желген бойдон дөбөгө чыгып барды. Айткандай эле бир кулач чучук жаткан экен. Аны көрө сала:

– Ой, узун чучук, койгон экен мага буйруп, мен сени жеймин, – деди.

– Эмне үчүн жейсиң?

– Курсагым ачса, буюрбаптыр сенден башка, – деп Карышкыр тилин саландатып, шилекейин агызды.

– Жо-ок, Каке, мени жегениң менен тишиңе тыгын да болбойм. Андан көрө тээтиги кырды ашсаң – ак улак жүрөт. Ошону жесең, капшытың чыкпайбы!

Муну укканда карышкыр ичинен кымыңдай түшүп, желип-жортуп кырды ашып, улакка кандай жеткенин өзү билбей да калды:

– Ой, Улак, мен сени жеймин.

– Эмне үчүн?

– Курсагым ачка, ошон үчүн.

– Жо-ок, Каке, мени жебе!.. Көрчү, кандай арыкмын, этим көк жашык, каным бир кашык. Мени жегениң менен тойбойсуң. Мына бул тоонун ары жагында чоң кара эчки бар, ал семиз, ошону жесең жыргабайсыңбы, – деди Улак чепилдеп.

Ач Карышкыр макул болуп, куйругун көтөрүп алып, даң салган бойдон тоону ашып, чоң кара эчкиге барды:

– Ой, Эчки, мен сени жеймин.

– Эмне үчүн?

– Курсагым ачка, ошон үчүн.

– Мен бир жегенден чыкпайм, анан эртең дагы тамак издемек белең!.. Андан көрө мына бул өзөнгө барсаң – чоң боз бээ баткакка тыгылып жатат. Аны үч-төрт күн оокат кылбайсыңбы!

– Сеники ырас, – деди да, ач Карышкыр желе-жорто өзөнгө келди. Боз бээни көргөндө көзү кызарып, шилекейи агып, "эми жейм" деп сүйүндү.

– Ой, Боз бээ, мен сени жейм.

– Эмне үчүн?

– Курсагым ачка.

– Эмесе жакшы болуптур... Оболу мени баткактан чыгарып, анан жегин.

Карышкыр макул болду да, Боз бээни араңдан-зорго баткактан сүйрөп чыгып:

– Эми жейинби? – деп тиштерин кычыратты.

– Эми жейсиң, бирок эң оболу менин туягыма өзүңдүн ким экениңди жазып коюп, анан жегин, – деп бээ туягын тосту.

Туягына кат жазып жаткан кезинде, боз бээ ач карышкырды кош аяктап жыга тепти да, өзү оюн салган бойдон жөнөп кетти. Ач карышкыр ордунан туруп, сендиректеп басып, арманын айтып баратты:

"Карчыганы жебеген Кайран башым.
Кулач чучук жебеген Курган башым,
Ак улакты жебеген Аңкоо башым,
Кара эчкини жебеген Каткан башым,
Балчыктан байтал сууруган Балбан башым,
Таманына кат жазган Молдо башым,
Тарс эттире тептирип,
Өлүп кала жаздаган
О-олда башым!"

Ошондон кийин карышкырдын башынан жарасы бат эле кабылдап, көп узабай өлүп калган экен.

# Түлкү, жолборс, аюу жана карышкыр

Жолборс, аюу, карышкыр, түлкү төртөө жолдош болду. Тапкандарын ортого салып оокат кылууга убадалашты. Жолдо төөгө кезигип аны да жолдош кылып алышты. Анан бөлөк бир жерге келип, курсактары аябай ачты.

Түлкү буларга өз оюн айтты:

– Эгер макул болсо, төөнү он койго баалайлы. Азыр муну соёлу, акысына кийин ар кимибиз эки койдон, бардыгы сегиз кой берели, эки кой өзүнө эсеп болсун, – деди. Жолдоштору төөгө:

– Эби келсе сени соёлу, акыңа жазында төртөөбүздөн сегиз кой ал, экөө өзүңө эсеп... Койду бооз-кысыр дебей, колго тийгенин беребиз. Койлор кокус бооз чыгып калса, он алты кой болот. Козулары сенин олжоң, мындай пайда эч табылбайт, – дешти.

"Жалгыз башым үчүн он алты кой көп олжо. Булардын коюн алыш керек" деп төө өзүнө сегиз кой баа коюп, лөкүйүп мойнун сунуп, көзүн сүзүп жатып берди.

Жолдоштору аны союшту. Кайран түлкү, жүргөн жери күлкү, төө эми түлкү акеңдин мүлкү, – деп түкөң этти бешке бөлдү. Бир бөлүгүн жолборско чыгарды, бир бөлүгүн аюуга, бир бөлүгүн карышкырга, бир бөлүгүн өзүңө алды. Төө куру калбасын деп, бир бөлүгүн төөгө бөлдү да, өзүнө тийиштүү этке кошуп койду. Төөнүн бөлүккө кирбеген бир бөйрөгүн түкөң жашырып жеп алды. "Экинчисин сиз алыңыз" деп карышкырга ишарат кылды. Анан жолборско карап: "Карышкыр жеп койду" деген белгини берди. Жолборс каарданып, карышкырды катуу аткып өлтүрүп салды. Аюу менен жолборс эттерин бөлүп коюп, тамашага кетти.

Алар келгенче түлкү акең карап турган жок. Төөнүн этин бүт бойдон ташып, бир үңкүргө бекитти. Аюу менен жолборс келип:

– Эт кана? – дешти.

– "Эмитен жаңжал кылып жүргөн эмелер кийин мага кой бербес", – деп, төө айнып туруп кетти, – деди түлкү.

Аюу менен жолборс буга ишенип калды. Түлкү аларды ээрчитип, бийик заңгелге (аскага) чыкты:

– Атаң ыраматылык ушул асканын тиги кырынан бул кырына секирип кетчү эле, сен анте албайсың, коркок керүнөсүң, – деди жолборско.

Жолборс мактанган бойдон жүгүрүп, баягы заңгелдин башына барып дыгдырылып тура калды. Куйту түлкү дагы купшуңдап:

– Чамынганы, басканы, сын-сыпаты ыраматылык атасына аябай окшош... азыраак гана коркоктугу болбосо, так эле атасын тартыптыр. Атаң качыргандан кайтпаган, кармаганын өлтүргөн, эгер бет алса, эзели кайра тартпай, түйүлгөн бойдон секирген анык эр эле. Жүрөгүң тайкы дебейин, бирок жаштыгың бар окшойт, – деди.

Жолборс чымыркаяып катуу секирип, таштан ташка тийип, бели сынып өлдү.

Жолборстун сөөгүн таза жерге көмөм деп, түлкү анын этин кийин жеш үчүн атайы катып койду. Жанында жалгыз аюу гана калды. Түлкү мындан башкасын амал менен өлтүрүп бүттү. "Эми аюу акеге кезек келди, мунун да эсебин табайын", – деп ойлоду. Баягы катып койгон эттен түлкү аюуга көрсетпөй жей берди. Аюу аны билбей, ачкадан алсырап кетти.

Аюу уктай албай жатса, түлкү кыртылдатып бир нерсе жегендей угулат. Анда аюу түлкүгө:

– Ээ, түлкү дос, сен эмне жеп жатасың? – деди. Анда түлкү:

– Эй, аюу балбан, ачкалыктын азабына чыдабай, өз ичимди жарып, ичегимди жеп жатам, – деди.

– Эмесе мен да өз чучугумду чубап жесем болобу? – деди аюу.

– Болбой эмне, сен да мендей эле жан турбайсыңбы, чучугуңду чубап жей бер. Эртең кайра айыгып калат, – деди түлкү.

Аюу чымыркаяып, кардын аткып, бирок ичинин ооруганына чыдабай тура качты.

– Ээ, түлкү дос, мен курсагымды аткысам, этим ооруп чыдай албадым. Сен кандай амал менен жеп жатасың? – деп сурады аюу.

– Анын эбин таба албасаң, оорутпай кең оюп, ичегиңди мен чыгарып берейин.

Аюу тарбайып чалкасынан жатты. Түлкү тумшугун салды, аюунун ичинен ичегисин сууруп алды. Ичи жарылган аюу тез эле өлүп калды.

Аюу, жолборс, карышкыр, төөнүн этин түлкү акең жалгыз ээледи. Оюу менен уктап, эриккенде эт жеп, суусаганда суу ичип, жыргап жата берди. Калыңдыгы карыш казы алды. Эми бүргөнүн азабынан кутулуш үчүн кичинекей кийизди тиштеп, сууга барды. Куйругун акырын сууга салды. Бүрге куйругунан качып, жонуна кетти. Түлкү жонун сууга салды, бүргөлөр жонунан мойнуна барды. Түлкү мойнун сууга салды. Бүргөлөр бүт секирип, түлкүнүн оозуна тиштеген кийизге жармашты. Түлкү кийизди сууга таштап: "Бүргө неге кутурдуң, эми сенден кутулдум" деп култуңдаган бойдон жөнөдү.

## Мактанчаак түлкү

Куу түлкү көлдүн жээгинде жойлоп жүрүп, татынакай чапан таап алды. Ал чапанды кийип көрсө, өзүнө эң эле чак экен. Аны кийгенден кийин көлдү жакалап жайкалып басып жүрмөк болду. Ошондо астынан карышкыр чыга калды.

– Саламатсыңбы, досум! – деди карышкыр.

– Саламатпы, макоо! – деп түлкү мактанып, үстүндөгү жаңы чапандын жакасын сылап жооп кайтарды.

– Ээ, түлкү, сен бул жаңы чапанды кайдан тапкансың? – деп сурады карышкыр.

– Өзүм эле тигип кийдим, көк жолбун, – деди түлкү. 47859-46

– Эмесе мага да тигип берсең боло. Ошол кызматың үчүн мен сага кырк тармал козуну айдап келип берейин. Анын этин экөөлөп жеп, анан кара көрпөлөрдөн мага татынакай тон тигип бер, – деп карышкыр жалына баштады.

– Болуптур. Ошол кырк кара козуну айдап келгин. Козунун этине жакшылап тоюп, анан мен сага татынакай тон тигип берейин.

Карышкыр бул убадага өтө кубаныш, күн сайын түлкүгө бир кара козуну жетелеп келип турду. Бирок козунун терисин улкуп-жулкуп, майы менен кошо сыйрып жатышты. Карышкыр кеткенден кийин, түлкү курсагы ачкан кезде, майлуу терини улам жеп коюп турду.

Кыркынчы күнү, мен эми түлкүгө берген убадамдан кутулам деп ойлоп, карышкыр түлкүдөн:

– Менин тонум тигилип бүттүбү? – деп сурады.

– Жакында бүтөт, – деп түлкү кебелбестен жооп кайтарды.

Карышкыр кайра кетти.

Карышкыр түлкүдөн тонду күтө берип, акыры тажап бүттү. Түлкүгө келип, менин тонумду бер деп кыйнай баштаганда, түлкү ийинге кирип, жашынып жатып алды.

Карышкыр ийиндин оозун кайтарып отуруп курсагы аябай ачып, ийиндин ичинде түлкүнүн да курсагы ачты. Ачкалыкка чыдай албай, түлкү ийинден секирип чыгып, куйругун булактатып, капкайда качып жөнөдү. Карышкыр анын соңунан катуу секирип, түлкүнүн куйругун кырча тиштеп жулуп алды.

Түлкү качып баратып, аркасына улам карап, татынакай куйругунан ажырап калганын көрүп, ага өтө кейип, зымыраган бойдон жүрүп отурду.

“Жалгыз эле мен куйруксуз болбой, башка-түлкүлөрдүн бардыгын куйругунан ажыратайын” деп ойлоду бул түлкү.

Өзүнө тааныш түлкүлөрдүн бардыгын ийнине чакырып, алар келип бүткөндөн кийин бул түлкү минтип айтты:

“Туугандар, биз эми ушул ийинден сыртка чыга албайбыз. Анын себеби, бизди сыртта көкжолбун кайтарып отурат. Андан кутулуш үчүн мен мындай акылды ойлоп таптым: бириңерге-бириңер куйругуңарды бекем байлаштырып алгыла, анан акырын жылып сыртка чыккыла”. Түлкү көп экенин көргөндө, ушулардын ичинен кайсыны тандап жесем деп, карышкыр ойлонуп туруп калат, ошондо силер туш-тушка жулунуп зымырап кача баштагыла.

Түлкүнүн баары буга макул болушту. Бири-бирине

куйруктарын бекем байлап, сыртка жылып чыгып, туш-тушка жулунуп кача баштшты. Ачыккан карышкыр алардын бардыгын чогуу качырды. Түлкүлөр андан коркуп, катуу секиргенде куйруктары жулунуп кала берди.

Бул ийинди ээлеген куу түлкү ийинден чыкпай, акырын гана тумшугун созуп, берки түлкүлөрдүн куйруктары жулунуп калганын көргөнде ичинен кымыңдап, анан каткырып күлүп да жиберди.

Анын каткырыгын карышкыр угуп калды. Түлкү дагы эле ийининен чыкпай жатканын билип, жулунган куйруктарды чогултуп, аларды кемирип жеп, ийиндин оозун кайтарып дагы отуруп алды. Куйруктарга жакшы тойгон жок. Эртеси курсагы ачып, улуй баштады, анан түлкүнү кантип алдоонун амалын ойлоду.

Жүгүрүп жүрүп кайдадыр кумган таап алып, анын түп жагын сындырып, кумгандын оозун түлкүнүн ийининин жанына алып келип орнотуп койду. Шамал сокcондо кумгандын оозу ызылдап, карышкырдын улуганы сыяктуу дабыш чыгарып турду. Бул улуган карышкыр экен деп ойлоп, түлкү өзүнүн ийининен дагы эле чыга албай койду. Анын эртесинде түлкүнүн курсагы аябай ачып, аңдан ары чыдай албас болду. Ошондуктан сыртка акырын жылып чыкса, карышкырдан дайын жок, ал капкайда кетип калыптыр. Анын ордунда кумгандын оозу улуп турат. Түлкүнүн ачуусу келип, кумгандын оозун жазаламакчы болуп, аны башына илип алып, сууга таштап жибериш үчүн жүгүрүп барды.

Сууга бат эле жетип, кумгандын оозун таштайм деп, башын улам силкип, эч түшүрө албай койду. Түлкүнүн ого бетер ачуусу келип өз башын сууга тыкканда, жээктен тайгаланып кетип, терең суунун ичине чөгүп өлдү.

# Алтын куш

Кайдадыр бир кедей абышка болуп, анын жалгыз уулу жана жалгыз түп алмасы бар экен. Ал алманын эң башына жалгыз кызыл алма мөмөлөп, ар жылы бышкан сайын абышка ошону жеп, жашарып турчу. Киши эрте күздө жакшы быша элек алмасын белгисиз бөлөк бир нерсе жеп кетет. Андан кийинки жылы чалдын өзү кайтарып жүрүп, бир күнү уктап калып, дагы жедирип жиберет: үчүнчү жылы кемпирине кайтартат. Кемпири түн ортосуңа чейин карап жатып, таңга маал уктап калып, алманы дагы жедирди. Төртүнчү жылы баласына кайтартты. Баласы уктабай карап жатса, кайдандыр алтын куш учуп келип, алмага конуп жей баштады. Бала жаа менен атып, бир тал канатын түшүрүп калды.

Эртеси атасына көрсөттү да: “Мен бул алтын кушту табам” деп ат токунуп издеп кетти. Жүрүп отуруп жолдун эки айрылышына келди. Жол ортосундагы ташта: “Сол жакка баргандын өзү өлөт, оң жакка баргандын аты өлөт” – деген жазууну окуп, оң жакты карай жөнөдү. “Өзүм өлгүчө, атым өлсүн” – деп ойлоду. Бир канча күнү жол жүрүп курсагы ачып, аты арыктаган кезде, чоң карышкыр астынан каршы чыгып качырды. Бала жерге түшө калып, атын мууздап, карышкырга берди. Карышкыр балага, ыраазы болуп: “Атыңдын тең этин өзүң бышырып алып, менин үстүмө мингин. Барар жериңди айткын, мен алып барайын. Жаш бала экенсиң, атыңды өзүң мууздап бергениңе аябай ыраазы болдум”, – деди:

– Издегеним алтын куш, – деди бала.

– Эмесе мага минип, көзүңдү чылк жум, – деди бөрү.

Бала көзүн жумуп, үстүнө минди. Бөрү нечен тоолорду ашып, нечен жолдорду баскандан кийин: “Көзүңдү ач”, – дегенде, көзүн ачса, чоң шаардын ичине кирип барыптыр. Бөрү баланы үстүнөн түшүрүп:

– Куш ушул үйдө, акырын бар да, бутунан кармабай, канатынан кармап чык, – деди.

Бала үйгө кирип, бирок карышкырдын сөзүн унутуп коюп, куштун канаты эмес, бутунан кармады. Анын бутундагы

жылаажыны шыңгыр-р этип, кароолчу сезип, баланы кармап алды.

Эртеси хан суракка алды.

Бала минтип сүйлөдү:

– Мөнин атамдын бир түп алмасынын эң учуна мөмелөгөн жалгыз алмасы бар эле, ошону атам жеген сайын жашарып турчу. Алтын куш төрт жылдан бери жеп кетип, ошондон бери атам карып калды.

– Сен атаңдын иши үчүн жүргөн бала экенсиң, алтын кушту берейин, бирок мындан аркы жактагы хандын алтын жалдуу, алтын куйруктуу аты бар, ошону алып келип, менин колума өткерсөң гана берем, – деди хан.

Бала ыйлап келип, хандын сөзүн карышкырга айтты. Карышкыр баланы үстүнө мингизип, дагы бир жерге келгенде: “Көзүңдү ач” – деди. Бала көзүн ачты.

– Кырк сарайдан ары өзүнчө бөлек бир сарай бар, ошол сарайдын ичинде алтын жалдуу ат байланып турат. Анын чылбырынан кармабай, жалынан кармап жетелеп чык, – деп, карышкыр баланы дагы жөнөттү.

Бала кирип барып, бирок мурдатан үйрөнгөн адаты боюнча, аттын чылбырынан кармап, ошондо кандайдыр коңгуроо кагылып баланы кармап, кароолчулар ханга алып барышты. Бала эмне үчүн келгенин айтты. Хан угуп туруп:

– Эмесе ушундан аркы хандын эң сулуу кызы бар, ошону алып келсең атымды берейин, – деди.

Бала кайгырып чыгып, карышкырга айтты. Карышкыр дагы үстүне мингизип, бир жерде көзүн ачтырса, таң сүрүлүп калыптыр.

– Эми мен өзүм барайын, – деп карышкыр кетти. Хандын кызы эртең менен кырк кызды артына, кырк кызды алдына салып, сейилдеп чыккан экен.

Карышкыр жыгачтын түбүнө жашынып туруп, кызды илип алып, ызгыган бойдон жөнөдү. Карышкырдын үстүнө учкашып баратып, кыз менен бала бирин-бири сүйүп калышты.

– Эми экөөбүз эч качан айрылбас болдук. Эптеп ушунун айласын таба көр! – деп бала менен кыз карышкырга жалына баштады.

Шаарга келгенде, карышкыр бул экеенү үстүнөн түшүрүп, өзү ошол замат кубулуп эч бир теңдеши жок сулуу кыз болду. Бала аны "Өзүң самаган сулуу кыз ушул" деп, алиги ханга алып барып берди.

Хан чоң ыракмат айтып, баланын сураган атын берди. Кыз менен бала ошол атка минип жөнөп кетишти.

Хан кыздын жанына отурайын деп барса, ал кыз эмес эле, карышкыр боло калып, хандын башын жара чайнап салды. Анан желип отуруп кыз менен жигиттин артынан кууп жетти.

– Мына бул аттан да айрылгым келбейт, ушунун айласын кошо таап, – деп бала карышкырды дагы кыйнады.

Карышкыр баланын көңүлүн кыйбай, буга да көнүп, шардын четине жеткенде ат болуп кубулду. Бала атты жетелеп барып ханга берди. Хан ырахмат айтып, алтын кушту берди. Бала кушту алып, кызы менен кетти. Хан ошол күнү жаңы атты минип, тоого аңга чыкты. Аттарын тушап коюп, өздөрү эс алып, кептөн кийин келишсе, аттардын сөөктөрү гана калыптыр. Тушап койгон аттарды кубулган карышкыр жеп кетиптир. Хан жолдоштору менен жөө кайтты.

Колуктусу, кушу, аты менен бараткан балага карышкыр жете келип, биротоло кош айтышты. Колуктусу, кушу, аты менен уулу атасына барды. Ошондон тартып атасы алманы дайым өзү жеп, тукуму өсүп, жыргап-куунап күнүн көргөн экен.

## Апенди менен хан

Бир күнү хан кийикке чыкканда, Апендини кошо жолдош кылмак болуп:

– Оо, Апендим, бүгүн биз менен бирге кийикке жүр, – деди эле, Апенди илгиртпей макул болду. Бирок аны эң эле кашаң жана арык атка мингизип коюшту. Узак убакка кийик уулап, кечке жуук үйдү карай кайткан кезде, жаан шатыратып төгүп жиберди. Беркилердин баарынын аты тың жана жакшы аттар болгондуктан, чапкан бойдон шаарга кирип кетишти. Апенди өз атын камчысы менен канчалык чаап, буту менен канчалык

теминсе да, эшейип баспай койду. Эч болбосо шаарга кургак барайын деди да, үстүндөгү кийимдерди бүт чечип, астына салынып алды. Акыры шаарга жеткенде, аларды кайра кийип, хандыкына келди. Хан Апендинин кийими бүт кургак экенин көрүп аябай таң калып:

– Оо, Апенди, биз аттын оозун коё берип отуруп, үйгө жеткенче жаанга абдан суу болдук, а сенин кийимиң купкургак, бул кандай? – деди.

– Ханым, мен минген ат анык шумдук экен. Силерден азыраак кала түшүп, анан шаарды карай сызган бойдон жөнөгөндө, мен муну шамалдан мурда баратабы деп ойлодум. Шаарга тез эле жетип, жаан басылгандан кийин мында келдим, – деп Апенди сүйлөдү.

Хан аңтаң болуп, Апенди минген атты жакшылап бактырып койду.

Бир күнү кийикке дагы чыгып, Апендиге бөлөк атты мингизип, дал ошол кашаң атты өзү минди. Булар кайра кайткан кезде асманды булут каптап, жаан нөшөрлөп куюп жиберди.

Апенди минген атына камчы басып, шаарга кирип кетти. Ал эми хан канчалык аракет кылса да, минген аты ордунан жылбай, жолдошторунан капкайда артта калды. "Бул ат качан учат?" деп ойлоп көпкө күттү. Бирок аты илкигенден илкип отуруп, "ханды шөмтүрөтө суу кылды. Хан шаарга араң жетип, үйүнө келсе, Апенди купкургак гана жыргап отурат. Хандын кыжыры кайнап:

– Сен мени неге алдадың? Мындан кийин бул адатыңды коюп жүргүн. Мен сага ишенем деп, кийимим бүт суу болуп, өзүм да үшүп бүттүм, – деди.

Анда Апенди:

– Сен эмнеге ачууланасың? Үстүңдөгү кийимиңди чечип астыңа салып, жаан басылгандан кийин кайра кийгенди билген жоксуңбу? – деп таң калымыш болду, ичинен кымыңдап.

* * *

Бир күнү Апенди жалгыз казын союп, казанга салып бышырды да, ханга берейин деп, аны колтугуна кысып жолго

түштү. Баратканда курсагы ачып, каздын бир санын жеп койду.

Апенди алып келген казды көрүп хан:

– Эй Апенди, бул каздын бир саны кана? – деп сурады.

– Оо, ханым, быйылкы жылы канча каз болсо, ошонун баарынын бирден гана буту бар, – деди Апенди.

Хандын короосунда жоон топ каз бар эле, жаандан кийин алардын баары бир бутун көтөрүп турган экен. Хан жигитине:

– Мына бул каздарды таяк менен ургулап куугун, – деди. Жигит барын таяк менен урганда, каздар кош аяктап кача баштады.

– Сен калп айтыпсың, Апенди... Тигилер эки буттуу турбайбы, – деди хан, качып бараткан каздарды көрсөтүп.

– Эгер ушул таяк менен ургуласа, сен эки эмес, төрт аяктап качаар элең, – деп Апенди ханды сөзгө жыкты.

* * *

Апендинин короосундагы жемиш бактарынын ичинде эрте быша турган шабдаалысы бар эле. Күндөрдүн биринде Апенди андан сапсары болуп бышып калган үч шабдаалыны көрдү. Үчөөнү тең үзүп, жайпак табакка салып, хандын үйүн карай жөнөдү. Жайпак табакта шабдаалылар ары-бери томолонушуп, бирине-бири тие баштаганда Апенди:

– Тентектик кылбагыла, жемиштер, болбосо оозума салып жеп коюп жаштайыңарда соолтом, – деди.

Үч шабдаалы аны укпастан бири менен бири дагы эле кагылыша берди.

– Булар бирге турса, тентектигин койбойт экен, – деп Апенди шабдаалынын экөөнү жеп алып, бирин ханга алып келди.

Хан шабдаалыны жегенден кийин Апендиге чоң ыракмат айтты.

Ханга бериш үчүн Апенди дагы бир күнү үч жаңгак алып бара жатты. Жолдон бир киши жолугуп:

– Кайда жөнөдүңүз, Апенди? – деп сурады.

– Ханга жаңгак алып баратам.

– Жок, сиз жаңгакты коюңуз, андан көрө хандын абдан

жакшы көргөн тамагы – мейизди алып барыңыз, – деди ал киши.

Апенди анын тили менен жаңгакты таштап, ханга мейиз алып барды.

Бирок хан мейизди абдан жаман көрчү экен.

– Мындан кийин Апенди мейиз көтөрүп келгенин койсун... Аны ошол өз мейизи менен аябай ургула, – деп хан жигиттерине буйрук берди.

Жигиттери ура баштаганда, Апенди өзүнө мейиз тийген сайын:

– Ханым, мунуңа чоң ырахмат! – деп улам ыраазы болуп турду.

– Эй Апенди, сени бул жерде сабап жатышса, сен ага кайгырмак түгүл, кайра ыракмат айтканың кандай? – деди ошол жердеги кишилердин бири.

Анда Апенди:

– Ээ тууган, ар ким өз айыбын өзү билет... Булар мени жаңгак менен сабай турган жөнү бар эле, бирок минтип кудай колдоп, жупжумшак мейиз менен сабап жатышпайбы... Мен ошол үчүн ыракмат айтып жатам.

– Эмне дейсиң? – деп сурап калды хан.

– Мен мында жаңгак алып келе жаткам. Эгер мында мен жаңгакты көтөрүп келсем, башыма катуу жаңгак тиймек экен... Мейизди ушунчалык жаратканы үчүн кудайга миң ыракмат, – деп Апенди чыгып кетти.

# Бала менен сыйкырчы

Байыркы өткөн заманда бир абышка-кемпир жашаган экен. Алардын жалгыз уулу болуптур. Кедейликтин айынан алар баласын малайлыкка бериш үчүн шаарга алып барышат. Баланы эч ким албайт.

Бир күнү абышка баласы менен жолдо баратып аябай чарчап, кара таштын үстүнө олтура кетип:

– Өх-х! – деп үшкүрүндү эле, бир ак сакал карыя пайда боло калды да:

– Мени эмнеге чакырдың!? – деп сурайт.

– Мен сени чакырган жокмун, чарчаганымдан жөн эле үшкүрдүм, – деди абышка.

– А менин атым Өкүш, – деди абышка, – бул балаңды жетелеп кайда баратасың?

– Айла жоктон, баламды малайлыкка берейин деп кыдырып жүрөм – дейт абышка.

– Эмесе, балаңды мага бер. Мен окутайын. Келерки жылы дал ушул убакта, ушул жерге келип балаңды аласың! – дейт ак сакал карыя.

Абышкага баласы үчүн бир дилде карматып, баланы колунан алып көрүнбөй калышат. Бала Өкүштүн үйүндө окуп жүрүп, анын кызы менен таанышат. Балага боору ооруган кыз:

– Атам сыйкырчы, бул жерден сени эч жакка кетирбейт, кул болуп, жумушун кылып жүрө бересиң. Менин өнөрүм аныкынан артык, ошону сага үйрөтөйүн – деп кыз балага өнөр үйрөтүп жүрөт. Аны сыйкырчы билбейт.

Бир жылдан кийин абышка баягы жерге келип: "Убакыт өттү, баламды бергин!" – дейт. Сыйкырчы кобурап койсо, жети кара мышык пайда болду.

– Мына ушунун ичинен балаңды таанып ал! – деди сыйкырчы.

– Менин балам мындай эмес болчу да – деп ыйлап, абышка келген жолуна түштү.

Кийинки жылы дагы келди. Сыйкырчы бул жолу жети кызыл түлкү көрсөттү, Абышка баласын тааный албай дагы кайра кетти. Ошентип беш жыл бою абышка баласын тааный албай жаман болду. Сыйкырчы акырында:

– Алты жылдан бери балаңды тааный албадың. Эгерде эмдиги жылы да таанымасаң, анда балаң түбөлүк меники болот – дейт.

Абышка ыйлап жолдо келатса, артынан кара аргымак ат чуркап келип:

– Сенин балаң менмин, эмдиги келгениңде бизди жети кара ат кылып чыгарат. Бизди азыр ошого үйрөтүп жатат. Оң

жактан санаганда үчүнчү болуп мен турам, жаңылбай карма, – деди да, сызган бойдон кетти.

Кийинки жылы айткан маалында баланын атасы дагы сыйкырчыга келди. Сыйкырчы ооз учунан шыбырап койсо, алдына жети аргымак тизилип тура калды. Абышка ары карап, бери карап, оң жактан санаганда үчүнчү аргымакты тизгинден алып:

– Менин балам ушул! – деди.

Айласы кеткен сыйкырчы баласын абышкага берди. Бала үйүне келгенден кийин атасына:

– Мен ат болуп кубулайын, ата, сен базарга алып барып сат. Бирок байлаган жүгөндү сыйрып кал, бербегин, – дейт.

Абышка атты көп акчага сатты, жүгөнүн алып, үйүнө кайтты. Бала болсо кубулуп куш болуп, атасынан мурда үйүнө келди. Абышка базарга экинчи жолу барды. Баасын кымбат сураса, эч ким сатып алган жок. Бир убакта бир соодагер келип: "Миң дилде берейин, жүгөнүн кошо сат" – деп жабышты. Абышка миң дилдеге жүгөнүн кошо сатып жиберип, үйүнө келди.

Көрсө, ал сатып алган соодагер өкүш сыйкырчы экен. үйүнө келип кызына:

– Атты сарайга аса байлап кой! – деп тапшырды.

Кыз атты жетелеп жөнөгөндө бала:

– Эми дагы бир жардамыңды тийгизип, мени коё бер, – деди.

Кыз коё берип, атасына келип:

– Ат колумдан чыгып, качып кетти! – деп калп айтты.

Сыйкырчы өкүш кара аргымак болуп кубулуп, баланы кууду. Жете бергенде бала илбирс болуп кубулду. өкүш жолборс болуп, кууп жеткенде, бала суу жээгинде колун жууп отурган эки кыздын жанына шакек болуп түшүп калды. Бир кыз шакекти көрүп сүйүнүп, колуна тагынып алып, үйүнө кетишти. Сыйкырчы өкүш жигит болуп кубулуп, кыздардын артынан байдын үйүнө келди. Бай андан:

– Жол болсун, жигит. Кайдан жүргөн немесиң? – деп сурайт.

– Сууга жуунуп жатып, шакегимди чыгарып койдум эле, унутуп кете берипмин. Сиздин кызыңыз таап алып, салынып кетиптир. Ошол шакек меники, алып берсеңиз? – дейт.

– Кана, кызым, шакекти ээсине бер, – деди бай кызын чакырып алып.

Кыз шакекти колунан чыгарып, Өкүш сыйкырчыга бермекчи болгондо, шакек буудай болуп чачылып кетет. Өкүш сыйкырчы тоок болуп кубулуп, жанталашып терип жеп кирди. Тоок бутунун алдында калган жалгыз буудайды жемекчи болгондо, ал таруу болуп кубулду. Өкүш сыйкырчы таранчы боло калып, терип жеп кирди. Байдын кепичинин ичине түшкөн таруу кыргый болуп учту да, айланып келип таранчынын башын жара тепти.

Ошентип бала сыйкырчыдан кутулуп, Өкүштүн кызын алып, үйүнө кайтып келди. Аябагандай чоң той еткөрүп, жакшы турмушта ата-энеси менен жашап калган дешет.

## Акылсыз карышкыр

Илгери-илгери бир акылсыз карышкыр болгон экен. Бир күнү ал ачка болуп, аң уулаганы чыгат. Аңгыча эчкинин оттоп жүргөнүн байкайт. Ага жакын келип:

– Эй эчки! Мен сени жейм! – деп каарданат.

– Макул жесең же, бирок мен картаңмын, сакалымды көрдүңбү? Менин этим катуу. Андан көрө мен үйгө барып, сага кызымды жиберейин. Анын эти жаш, даамдуу, – дейт эчки кууланып.

Карышкыр эчкинин сакалын карап көрүп, сөзүнө ишенет да, кызын күтүүгө макул болот. Ал эми эчки кеткен бойдон же кызын жибербей, же өзү келбей, из суутат. Ошентип, ал күнү акылсыз карышкыр эчкиге алданып, ачка калат.

Эртеси кайрадан аң уулаганы чыгып, козуну жолуктурат.

– Эй козу, мен сени жейм! Сен жашсың, этиң даамдуу! – деп ага да каарын көргөзүп калат, ачка болуп турган жаны.

– Мейли, жесең же. Бирок мага акыркы жолу бийлеп алууга мүмкүнчүлүк бер! – деп суранат.

Бийин көрүп, анан жегенге макул болгон карышкыр козуну карап отуруп калат. Козу карышкырды айлана бийлеп кирет. Айлана берет, айлана берет.

Анан айлананы улам чоңойтуп отуруп өз тобуна кошулуп кетет. Анын бийине кызыгып карап отуруп аңкоо карышкыр козуну да колдон чыгарат.

Эртеси да курсактын айласынан баягы карышкыр бир үйүр жылкынын тарабына келип, аңдып жатып калат. Ылайыгы келген маалда бир жылкыны мээлеп барып:

– Эй жылкы, азыр мен сени жейм!– дейт.

– Мейли, жесең да арткы бутумдан баштап жечи, башым кичине болсо да оттоп турсун, – дейт кууланып жылкы.

Карышкыр жылкынын аягынан баштап жейин дегенде жылкы аны жара тээп өлтүргөн экен.

# Алтын данек

Күүгүм. Акылай атасынын жумуштан келер маалын жакшы билчү. Адаттагыдай эле кубанып алдынан тосуп чыкты да, атасынын моюнуна артыла:

– Ата, мага бүгүн эмне алып келдиңиз? – деди шаша-буша.

Атасы кызынын бул жоругуна бир бырс күлүп алды да, алаканын ачып:

– Мынакей, сага алтын данек алып келдим, – деди.

– Алтын? Бул чын эле алтынбы?

– Ооба.

– Бирок апамдын шакегиндей болуп жалтырабайт экөн го...

– Кызым, жалтырагандын баары алтын боло бөрбейт. Мына чыныгы алтын.

Ошентип, атасы экөө баягы данекти топурак толтурулган карапага салып көмүп коюшту. Арадан күндөр өттү. Данек өнүп, топуракты жарып чыгат. Айлар өтүп, ал бутак байлап чоңоёт. Анан атасы менен кызы экөөлөп аны сырттагы бакчага отургузушат да, күнүгө суу куюп карай баштаашты. Бир нече жылдан кийин баягы бак шагы ийилип мөмө берди. Ошондо атасы кызын чакырып:

– Кызым, айтчы, бул шагы ийилген алма багы биздин бакчада кантип пайда болду?

– Сиз алып келген алтын данектен.

– Көрдүңбү, артынан көп жакшылыктарды алып келген нерсенин баарын алтын деп атоого болот. Ал тургай сен да алтын деп аталууга татыктуусуң. Анткени сен кичинекей данектен минтип чоң бакты өстүрдүң.

– Ооба, атаке, мен эми түшүндүм. Мен алтындан жасалган буюмдарды гана баалуу деп жүрчү турбаймынбы. Сизге рахмат! – деп ыраазычылыгын билдирип, дагы көп бактын түрлөрүн өстүрүүгө сөз бериптир.

# Карышкыр менен бээ

Карышкыр ачка болучу. Кулун ээрчитип оттоп жүргөн бээнин жанына келип, шилекейин чубуртту: "Кулундун эти кандай гана таттуу! Мага мунуңду сатпайсыңбы?" – деп кайрылды бээге.

– Албетте, – деди бээ. Сатпагандачы, сатам.

– Канчага сатаар элең?

– Канчагабы? Эсимден чыгып турганын карабайсыңбы. Анын наркы менин темир такамда жазылуу эле. Сен сабаттуу жансың го, өзүң окуп алчы, деп арткы бутун көтөрдү бээ. Карышкыр айланып барып, такадагыны окумакчы болду. Ошол замат бээ аны карылуу буту менен тумшук талаштыра тээп калды. Карышкыр оңко-чоңко атып барып, кулады. Мына сага кулундун ширин эти!

# Ата-бала

***(Жомок – аңгеме)***

Илгери-илгери еткөн заманда, бир чалдын картайганда көргөн жападан жалгыз уулу болуптур. Атасы жалгыз уулун ушунчалык жакшы көргөндүктөн, аны жанынан карыш чыгарчу эмес.

– "Уулум эл таанысын, жер таанысын, жакшы адам болсун" – деп, каякка барбасын учкаштырып, өзү менен кошо ала жүрөт.

Күндөрдүн биринде ата-бала жайлоого жөнөп калышат. Жолдо келе жатып тоонун эң бийик жеринде жүргөн топоздорду алгач көргөн баласы:

– Ата, ата, тээтиги тоодо жүргөндөр аюуларбы? – дейт.

– Жо-ок уулум, ал деген топоздор. Алар кадимки эле уйдун бир түрү. Бирок, алар уйга окшоп езөндө эмес, дайыма тоодо жашап, Кайберен сыяктуу өмүр сүрүшөт. Топоздун баласын музоо дебей мамалак дешет. Кышы жайы зоо таштын арасында жашап, жүндөрү сен айткан аюунукундай апсайган үчүн, топоздун баласын мамалак дешет. Топоз мамалагын ак кар, көк муздун үстүнө тууйт. Карышкырга алдырбайт, – дейт.

Уулу оозун ачып, "Аа" деп ата-бала андан ары кете беришет. Дагы бир жерге келгенде, асманда калкып жүргөн айры куйрукту көрсетөт.

– Ата, ата. Тээтиги асмандагы бүркүтпү? – десе.

– Жоок уулум, ал деген айры куйрук. Айры куйрук бүркүт сыяктуу чоң болгону менен, кыраан эмес, кайберен ала албайт, – деп, айры куйруктун эмне жеп, кандай жашаганын шашпай айтып берет.

– Ошентип жүрүп отуруп, дагы бир жерге келгенде:

– Ата, ата, тээтиги дөңдө бизди карап турган ким? – десе.

– Ал деген адам эмес, тик турган таш. Алыстан адамга окшоп көрүнүп жатпайбы. Ошондуктан ал жерди, Кароол таш деп коёт, – деп, баласына түшүндүрүп сапарларын уланта беришет.

Арадан жылдар өтөт. Бир кездеги көк ала сакал атасы картайып, аппак сакал абышка болуптур. Эми анын белинен күчү, көзүнүн курчу кайтыптыр. Мурдагыдай уулун учкаштырып, өйдө-төмөн жүргөн күндөр артта калып, эми өзү жалгыз ат да минип жүрө албай калган куракка келиптир. А уулу болсо чоң жигит болуп, белине кубат, билегине күч толуп турган кези экен.

Күндөрдүн биринде, эми картайган атасын учкаштырып, жигит жайлоого жөнөп калыптыр. Бир жерге келгенде.

– Ээ балам, тээтиги тоо боорунда жүргөн аюу эмеспи? – деп сурап калат.

– Бул жерде каяктагы аюу болсун, ал топоз – дейт, атын капталга бир тээп.

Андан ары жүрүп отурушуп, дагы бир жерге келгенде, – Ээ балам, тээтиги асманда айланып учкан бүркүтпү? – дейт көккө тигиле.

– Бүркүт бул жерде бок жейби! Ал, айры куйрук! – деп, аттын тизгинин бир кагып, өз жайында келе жаткан атка камчы басат. Ат жаныбар чочуп кетип, бир мөңкүп алат. Беймарал отурган чал аз жерден кулап түшпөй, уулун кучактап калат...

Алар андан ары да бир топ жол жүрүшөт. Дагы бир жерге келгенде:

– Ээ балам, тээтигинде бизди бирөө күтүп турабы? – дейт, алды жакты көрсөтүп.

– Бул ээн тоодо сизди ким эле күтүп турсун! Ал таш!... Ар нерсени сурай бербей, жөн болуңузчу! – деп, ачуусун аттан чыгарып, каңк дегизе башка-көзгө чаап-чаап жибериптир.

Ошондо, токсонго чыгып, бала кыял болуп калган атасы башынан түшкөн калпагына карабай, баланы жеңинен тартып.

– Ай-хай балам, ай-хай балам, атты башка урба, атты башка урба!... – деп, буладай аппак башы калтаң-калтаң дей түшөт, уулунун белиндеги берки колун акырын тартып алып, ээрдин кырын кармалап калат.

Ата-бала андан ары кете беришет... Арадан ай өтүп, аксакал ааламдан өтөт. Анан чалдын баласы балалуу болот экен. Эми атасы аны мурда кандай жакшы көрсө, ал өз уулун ошондой жакшы көрүп, анан ал өз атасындай уулун аркасына учкаштырып, дайыма өзү менен ала жүрчү болуптур.

Күндөрдүн биринде ата-бала атчан жайлоого бара жатса, уулу сурайт имиш:

– Ата, ата, тээтиги аюубу – деп. – Жоок уулум, ал топоз – дептир атасы... Кайра эле жылдар өтөт экен. Эми баягы жигит аппак сакал чал болот экен... Анан ал өзү ат минип жүрө албай калып, уулуна учкашып баратып:

– Ээ балам, тээтиги аюубу? – деп сурайт...

Эмесе, кымбаттуу жомокту жакшы көргөн жомок угармандарым, сөздүн кыскасы, жомоктун нускасы, ушул экен:

– Бул жомоктун аягы,
Ал жомоктун башы.
Тегеренген тынбаган,
Тегирмендин ташы.
Кылоосу кызыл,
Куйругу бүтпөй,
Ушундай уз-уун экен...

# Сарымсак байдын өлүмү

***(Насыят-жомок)***

Илгери-илгери өткөн заманда, Сарымсак деген бай болуптур. Сарымсак байдын койлору ушунчалык көптүгүнөн. Ал койлорго Сарымсак байдын өзүнүн так эсеби жеткен эмес дешет. Маселен, анын койлору суу ичкени төрт чакырым жерге чубап келгенде, койдун алды сууга жетсе, аягы араң козголчу дешет. Кокустан, Сарымсак байдын бардык койлору, бир мезгилде сайдан суу ичсе, сайдын суусу соолуп, козудай балыктар кодураңдап, койдой балыктар томураңдап калчу.

Ал Сарымсак бай ошончолук бай болгону менен, анын жалгыз шалбыры менен бир эле көйнөгү болуптур. Ал шалбырды кемпири жууп койгондо, эл менен кошо бара албай, жуурканга оронуп, шымы кургаганча үйүнөн чыга албай, а калган өмүрүн элге кошулбай, кой менен жүрүп өткөрүптүр.

Анын үйүнө конок келгенде, же туугандарынан бирөө жарым келип калганда, кемпири байга барып: – "Оо бай, үйгө конок келди, кан чыгарып бирдеме соёлубу" – десе:

– Кой, кой байбиче, бул бечаралар көзүн жалдыратып турса, кантип гана мууздайсың? Бар, барып курут-пурут эзип эле жөнөтүп ий – деп, коногуна чычкак улак сойбой койчу экен.

Күндөрдүн биринде, анын үйүнө кечки конок болуп, бир

бечара дубана келип калат. Байбичеси ал карып дубананы аяп байына келип:

– Оо байым, бир улакка таш кулап, бели сынып калыптыр. Эми ал мал деле болбойт, эмне кылайын? Анын үстүнө, бир дубана кечки конок сурап келиптир – дейт.

– А бечарам ай, бечарам!... Мейли эми, сойдурсаң сойдур. Меймандын ырыскысы кошулуп калыптыр – дейт Сарымсак бай.

Кемпири келип, койчуманга бир улакты сойдуруп, дубананы сыйлап женөтөт. Болгону ошол болуп, ошондон башка бир мал союлбайт.

Арадан жылдар өтүп, бир жылы кыш оор түшүп, кар өтө калың жаайт. Ач калган койлор биринин жүнүн бири жеп, бир эле жуманын ичинде бүт койлору кырылып калат. Кечээки коюна сан жетпеген Сарымсак бай, бүгүн итке минген кедей болот.

Кышында кокту-колотто тоңуп өлгөн койлордун эти жазда эрип, курттап, сасып кетет. Анын сасыгына адам түгүл ит чыдабай, Сарымсак байдын жайытына кой эмес, жору менен кузгундар толуп кетет.

Ошол эле жылы, арам өлгөн койлорунун артынан Сарымсак бай бул жалган дүйнө менен кош айтышып, о дүйнөгө сапар алат.

Өлгөн байдын ариетине соёлу десе, чычкак улагы жок, катмы-жаназасы окулбай, тажыячы эл туруп калышат. А тууган уруктары: – “Тим кой, курут-пурут ээзип, кудайысын өткөрө берсин” – дешип, эч кимиси бир улак бербей, тескери карашат. –“Эми эмне болот” – деп, эл аңырайып турса, кайдан экени белгисиз, бир чолок улак жетелеген дубана келип калат.

– Оо, калайык, мына бул улакты бир момун адам садага берген эле... Бул улактан кан чыгарып, жаназасын окуп коёлу. Ылайым, ар кимдин тапкан туткандары өздерүнө насип этип, ар пенденин эки дүйнөсүн тең кудай таала абаат кылсын! Кана, “Оомийин” деп коюңуздар! – дейт дубана.

Ошондо карап турган адамдар да – “Оо-миин” – дешип, анан Сарымсак байдын сөөгү жерге коюлган экен.

Чын эле, дубана айткандай ылайым ар кимдин тапканы өзүнө насип этсин! Кана, биз да “Оомиин” деп коёлу! Оомиин!

# Булактагы сулуу кыз

Балдар тээтиги улуу тоонун башындагы көздү уялтып күнге жалт жулт этип жаркыраган уюган күмүштөй меңгүлөрдү карасаңар.

Ошол мөңгүнүн түбүндө мөл булак бар дейт. Ал булактан дайым ичип жүргөн киши картайбайт экен. Жуткан сайын кишинин көзү умачтай ачылып, сергип кубаттанып кандай оор жумуш болбосун чарчабай иштей эле бергиси келет экен. Ошол булакта перинин сулуу кызы жашачу дейт. Көрсе көмүр караса камыр болуп калбайын көз тийбесин дейби ал сулуу кыз күндей нурлуу айдай ак жүзүн эч кимге көрсөтпөй түн ичинде гана эл жашаган жерге келчү экен. Ар бир үйгө кирип бурчтарда коңул-дарда жашынып жаткан шайтан шабырларды кууп чыкчу экен. Ошентип үйдүн ичин аруулап тазалачу экен. Анан өзүнүн жибектөй жумшак ак колу менен кишинин көкүрөгүн ушалап чекесин сылап мемиретип уктатып койчу экен. Айрыкча бөбектерду өтө жакшы көрчү экен. Аларды көргөндө жүрөгү элжиреп сонун, сонун кызыктуу жомокторду бешик ырларын кулагына шыбырап магдыратып уктатып койчу экен. Элдин баары кичинекей бөбектөр да эртең менен көңүлү жайдары кубанып ойгонушчу экен. Ошондуктан эл абдан ынтымактуу жашачу дейт.

Бир күнү эле кишилер урушчаак болуп, балдар ыйлаак болуп, элдин башынан кут учуп итче кабышкан ыркырак, чыркырак заман элден башталат. Карылардын сөзүн эч ким укпайт. Жаштар аларды эликтеп маскаралашат. Балдар ата-эненин тилин албай тетирленишет. Деги эмне деген жашоо болуп баратат деп эл кабагы салаңдап күңгүрөнүп турса бир чачы куду мөңгүдөй апаппак куудай ак сакалы көкүрөгүндө сеңселген бою шыңга теректей кайраттуу көзү панардай жайнаган бир карыя пайда болот.

– “Оо эл журт. Калайык. Булактын көзүн ачкыла” – деп коюп эле көзден кайым болот экен.

# Нан жөнүндө уламыш

Илгери-илгери эгин баккан бир дыйкан болуптур. Ал кезде адамдар тегирменди да билишпептир. Нан өзүнен өзү бышып бекерге көнгөн балдар нандан топ жасап тепкилеп ойношчу экен. Жедеп чарчашканда нанды чалчык сууга ыргытып жиберишчү дейт.

Тентек балдардын бул кылыгы нанды абдан таарынтыптыр. Күндөрдүн биринде нандын ана башы "буудай" дан аттуулардын баарын чогултуп мындай кордукка чыдоого болбойт, андан көрө көз көрбөгөн бир жакка кетели дейт. Ызаланган дан аттуунун баары буудайдын пикирин жакташат. Ошентип убада боюнча бардык дандар кек деңизди карай жол тартышат. Эптеп ага жетишсе анын түбүнө бекинип алмак. Андан кийин эсирген балдар эр болсо таап көрүшсүн. Жолду баарынан улуусу "арпа" баштайт. Калгандары аны ээрчишет.

Нанды тебелеп ойногон тентектер ошо кырсыктуу түндө бейкапар укташат. Каадаларынча чак түштө ойгонушуп беттерин жуубастан чыгданга чуркашат. Мына кызык. Бир да нан жок. Бадырак жейли десе дан жок. Апалары да кейип отурушат. Ошондо бир кары эне "Дандардын бизден качып кетишине балдар өзүңөр күнөөлүүсүңөр. Силер аларды кесирленип, кордобогондо баары тең мурдагыдай ушул жерде болмок. Эми эр болсоңор нан таап көргүлө. Тезирээк барып Акыл чоң атаңардан сурагыла. Эмне кылыш керектигин жалгыз ошол киши билиши мүмкүн" – деп балдарга насаат кебин айтат.

Акыл чоң атага барчу жол абдан татаал эле. Арга канча улам жолуккандан сурап отуруп чоң атаны зорго табышат. Балдардын келген себебин Акыл айттырбай билет. Тентектерге өтө нааразы экенин айтат. Ачуусунан буулуккан чоң ата бир оокумда мындай дейт:

– Болоор иш болду. Күнөө өзүңөрдө. Бирок жакшылыктан үмүт үзбөйлү. Баарыбыздын тагдырыбыз көк дөбөттүн колунда.

Уккандарына түшүнбөй балдар бирин бири карашат, бирок бири да сөз айталышпайт. Муну байкаган Акыл чоң ата иттин жайын түшүндүрет. Көрсө чоң атанын сыйынганы ит тура.

Балдар ага көп ишене беришпейт. Бирок Акыл балдарды шылдыңдаган эмес. Болгон чындыкты айткан. Дандын жана андан жасалган нандын баары качкан түнү Акыл чоң ата менен көк дөбөт гана ойгоо болчу. Кырсыкты дароо түшүнгөн Акыл көк дөбөттү дароо куугунга жиберет.

Көк дөбөт качкындардын артынан сая кууйт. Жетип жетпей барат. Таманын таш тилип, куйругуна муз тоңот. Акыры жетип алдыларынан тосоордо качкындар деңизге жетип үлгүрүшөт.

Болгону бир ууч гана дан дөбөттүн ырыскысына калат. Эми ошол бир ууч данды көбөйтүү иши турат. Эстүү балдар аны түшүнүштү.

– Эми мындай – деди Акыл чоң ата.

– Ким эмгек кылбаса ага дан жок. Дан жок болгон соң ага нан да жок болот. Ошондуктан жер айдап жанагы алып калган данды себишибиз керек өстүрүшүбүз керек – деди.

Ошол күндөн баштап адамдар дыйканчылыкты кесип кылып эгин айдап суу сугарып калышыптыр. Ун тартып нан жасаганды үйрөнүшүп ал үчүн тегирмен салышыптыр.

Нанды кордобогула кесир болот деген сөз да ушунда калыптыр дешет. Жакшылыкка жакшылык ит адамдын жолдошу, аны урбагыла деген акыл кеп да ошондо айтылыптыр.

Бул эмне болуп кетти. Эмелеки карыя кана. Же бул көзгө көрүнгөн көрүмчүбү. Тообо – дешет экен.

Жакаларын кармап келме келтиришет экен. Анан көпчүлүк дүрбөп:

“Деги эмнеси болсо да булакты көрөлүчү – дешет. Барышса чын эле булактын көзү бүтөлүп калыптыр. Кум ойноп, чым, чопо басып, баягы мөлүлдөгөн мөл булак жок. Эл дагы бир жолу тообо деп таң калат. Ары бери өтүп жүрүп булактан көзү бүтөлгөнүн көрбөй биздин деле көзүбүз жабылып калган турбайбы – дешип кан чыгарып түлөө өткөрүп булактын көзүн ачууга аракеттенишет экен. Булактын көзүн ачууга келген эл күндөн күнгө көбөйүп жатат дейт.

Булактын көзү ачылганда баягы сулуу кыз келип бөбөктөр уктап жатканда алардын кулагына сонун, сонун кызыктуу жомокторду, бешик ырларын шыбырап турат деп эл үмүттенет.

# Жээренче чечен менен Алдар көсө

Күндөрдүн биринде Жээренче чечен жана Азиз Жаныбек хан вазирлери болуп ордонун ичинде отурганда Алдар Көсө эшиктен кирип: “Ассалоом алеким кан ордосу” дейт. Анда Жээренче чечен: “Алекима ассалоом эл жоргосу” деп жооп берет. Алдар Көсө жайланып отургандан кийин Жээренче чечен ишарат кылып колу менен башын чертет. Ал эми Алдар Көсө сөөмөйү менен тилин чертет да сыртка чыгып кетет.

Ал чыгып кеткенден кийин Жээренче чечен Жаныбек ханга: “Мени эч ким жыга алчу эмес эле ушул Көсө жыгып кетти” деди эле анда кан: “Сени кантип жыкты. Көсө эшиктен кирип “кан ордосу” деп салам айтты сен “эл жоргосу” деп жооп бердиң. Андан башка сөз болгон жок го” – дейт.

“Көсө эшиктен кирип салам айтып жайланып отурганда мен башымды чертип “балаа башка кайдан келет” деп сурадым эле. Ал эми Көсө сөөмөйү менен тилин чертип “балаа башка тилден келет” деп жеңип кетти” – деп Жээренче чечен чечип берди.

Бул сөздү угуп отурган вазирлердин бири: “Алдар Көсөнү мен жеңем” деп кан менен убадалашат. Эгер жеңип келсе кандан сураганын алат жеңилсе жанынан айрылмакчы болот. Ошол эле күнү вазир аттын жакшысын тандап минип Көсөнү издеп жөнөйт. Колунда жалгыз таягы менен шыпылдап кетип бараткан Көсөнүн артынан жете келет вазир.

Жете келип вазир салам айтат Көсө саламына алик алат. Анан Көсө: “Ээ балам кайдан келе жатасың” деп сурайт. Анда вазир: “Мен сизди издеп келаттым эле” дейт. “Менде кандай жумушуң бар эле” – деп сурайт Көсө. Жер ортосун таба албай атайын сизден сурайын дедим эле” дейт вазир. Экинчи дагы суроом: “Акыр заман качан келет” деп Көсөгө эки суроо узатат. Көсө эч токтолбостон: “Арзан эле жумуш турбайбы балам” – деди да таягын шилтегилеп көзүн алаңдатып эки жагына элеңдеген болду. Анан: “Атаганат ай боюм жапысыраак болуп жатат” деди эле вазир: “Эмесе менин атымды минип алып караңыз” – деп атынан түшүп бере койду. Көсө вазирдин атын минип алып

таягы менен шарт камчыланып: “Атаа балам ай көпкөн убагың экен акыр заманды да сураганы турасыңбы” – дейт. Анда вазир: “Кыйын болсоң экөөнү тең таап көрчү” – деп демите карайт.

Көсө атты таягы менен камчыланып ары бери чапкылап алак-булак эки жагын караган болуп: “Таптым, таптым” – деп вазирдин жанына кайра чаап келип туруп калат. Вазир: “Тапсаң айтпайсыңбы” – деп жини келе үнүн бийик чыгарат. Ошондо Алдар Көсө: “Отурган жериң жер ортосу акыр заман деген атынан айрылып жер ортосунда калган киши” – деп туйлап турган тулпарга таягын шилтеп чапкан бойдон кете берген экен.

## Жез кемпир

Өткөн замандарда эки кыздуу жесир аял болгон экен. Анын оокаты күн өткөн сайын начарлап турмушу өтпөй калат. Бир күнү аял бир кызын оң колуна, экинчисин сол колуна жетелеп оокат издеп жөнөйт. Алар жүрүп отурушуп бир алачыкка туш келишет. Алачыкка киришсе териге оронгон кемпир төрдө жатат. Аял кемпирге ахыбалын түшүндүрүп.

– Багар көрөрүбүз жок бир жүргөн жанбыз. Түнөп кетели уруксат берсеңиз. Бизге эч нерсенин деле кереги жок – дейт.

– Кааласаңар менин үйүмдө жүрө бергиле – дейт кемпир.

Аял кемпирге ыраазы болуп ошол үйдө жашап калышат. Кемпир керели кечке тери жамынып жата берет. Аял болсо күнү-түнү жаны тынбай оокат жасайт. Күндөрдүн биринде кемпир.

– Жүрү кийиз өтүктүн таманына салгандай чеп жулуп келелик – деп келинди токойго алып келет. Аял чөп жулганы эңкейе бергенде койнунан бычагын сууруп чыгып сайып өлтүрөт. Отту чоң калап жагып баягы келинди шишкебек кылып жеп алат. Кемпир кайра тартып алачыкка кирээр менен “Апабыз кайда” – деп сурашат кыздар.

– Камырабай эле жата бергиле силердин энеңер өтүгүңөрдүн таманына салгандай чөп жулуп жүрөт жакында келер – деп коёт кемпир.

Өзү жатар менен коңурукка кирет. Кыздар ары оодары-

лышып бери оодарылышып уйкулары келбей таң атырышат. Күтүп отуруп бир маалда кыздардын улуусу: "Эмнеге энем кечикти" – деп тынчсызданып токойду көздөй жөнөйт. Жүрүп отуруп токойго барса жаңы эле өчкөн оттун күлүндө адамдын сөөктөрү жатат. Ошол жерден энеси байланып жүргөн бүлөөнү, оттук ташты жана тарагын табат. Кыздар өпкө өпкөсүнө батпай ыйлап энесинин бүлөсүн, оттук ташын жана тарагын алып кайра алачыкка келет. Жолдо келатып эки чымчык кармай келет. Кыздар чымчыктарды көшөгөнүн ичине коё берет да сиңдисин колдон жетелеп тезинен күн чыккан тарапты бет алып качып жөнөшөт.

Ал эми кемпир уктай берип бир оокумда ойгонсо көшөгөнүн ичинде бир нерсе бүлкүлдөйт. "Кыздар ордунда экен" деген кемпир кайрадан уйкуга кирет. – Кемпир жети күн жети түн уктайт. Бир күнү курсагы ачкандан ойгонот. "Эми кыздарды жейин" деп көшөгөнү ачса ичинде эки чымчык тырпырап учуп жүрөт. Ошол жерден кемпирдин ачуусу катуу келип кыздардын аркасынан кууп жөнөйт. Жүрүп отуруп кууп жетип, кармай турган болгондо кыздардын улуусу.

– Эне, энекебай, бизге жардам бөр – деп бүлөнү ийнинен алыс ыргытып жиберет.

Бүлө түшкөн жерден чоң дарыя пайда болот. Кыздар бир өйүзүндө кемпир бир өйүзүндө калат. Кемпир ташкындаган сууга киргенден коркуп өкүрүп-бакырган боюнча кала берет. Кыздар андан ары качып жөнөшөт. Дарыя жети күн агат да андан кийин кургап ал эми бүлө улуу кыздын чөнтөгүнө кайра барып түшөт.

Кемпир кайрадан кыздардын артынан түшөт. Анын жакын калганын сезген улуу кыз.

– Эне энекебай бизге жардам кыл – деп оттук ташты ийninен алыс ыргытып жиберет. Бир паста түптүз талаада бийик жалама зоо пайда болот. Ошентип кемпир дагы жете албай калат. Эже сиңди артын карабай жүрүп отурушат.

Жүрүп отуруп, жүрүп отуруп баягы кыздар бир аралга туш болот. Аралдын наркы өйүзүндегү алачыкта жашаган бир кара кемпирди көрүп.

– Энеке бизге жардам берип коюңуз – деп чакырышат.

– Мени карап көргүлөчү өңүм сулуу бекен – деп сурайт кемпир.

– Биз көптөн бери адам көрө элекпиз. Бизге өңүңүз күндөн да жарык, колуңуз биздин энебиздин колундай жумшак көрүнөт – дешет.

Ошентип кемпир кыздарды суудан көтөрүп чыгарат. Аларды кемпир өз кызындай багып жүрөт. Күндөрдүн биринде кемпир.

– Менин эки балам бар алар мергенчилеп кеткенине бир нече жыл болду ошол экөөнү таап келгиле – дейт кемпир.

– Токойго барсаңар бугуга чана сүйрөткөн эки бала көрүнөт. Силер койнуңардагы бугунун терисинин өңүн көрсөткүлө. Алар теринин өңүн көрөр замат силерди ээрчип жөнөйт.

Ошентип кыздар кемпирдин эки баласын издеп жөнөшөт. Жүрүп отурушуп токойго келишет. Балдарды таппай көп кыйынчылыктарды тартып акыры бир күнү араң дегенде табышат. Балдар аларды издеп барган кыздардын койнундагы бугунун терисин көрүшүп "апабыз бул кыздарды бизге жиберсе керек" деп кыздарга жакындашса чын эле ошондой болуп чыгат. Балдар баштарынан өткөн окуяларды айтып, кыздар да баштарынан кечирген кайгымуңду айтышып чогуу үйлөрүнө келишет. Улуу баласы улуу кызды, кичүү баласы кичүү кызды алып жыргап жатып калышкан экен.

## Меймандос жолборс

Күндөрдүн биринде түлкү чытырман токойду аралап келе жаткан эле. Бир маалда тике маңдайынан жолборс чыга калды. Капыл-тапыл жолуккандыктанбы түлкүнүн жүрөгү шуу дей түштү. Бирок ал куу да. Корккону сездирбей жолборсту мактап кирди:

– Баракелд-е-е Жоке. Табыңызга келип турган чак экен. Карачы туруш турпатыңызды жөн эле керилесиз. А марттыгыңызчы.

"Ушу куу түлкү туура айтат. Мен өзүмдү өзүм жакшы билбейт окшоймун. Болбосо токойдо менен өткөн берешен барбы. Кой марттыгымды көрсөтпөс болбос".

Ошентти да жолборс мейман чакыруу керек деп тыянакка келди.

Коноктор түгөл келгенден кийин жолборс ортого чыгып мындай деди:

– Кадырлуу меймандар: Бу тирүүчүлүктө сыйлаша жүргөнгө жетпейт экен.

Аңгыча кампанын оозу ачылды. Меймандар биринин артынан бири кирип жатышты. Бир аздан соң бир челек балды тоголотуп аюу чыга келди, бир кучак көк чөп көтөрүп суур чыкты, бир баштык сабиз көтөрүп коён чыкты. Акырында кампага жолборс өзү кирди. Кирсе кампа аңгырап бош калган экен. Эмне кылаарын билбей, далдырай түштү. Анан акыл кеңеш сурамай болуп баягы түлкүгө кайра барды. Болгон ишти төкпөй чачпай ага айтып берди. Түлкү жолборстун айткандарын ынтаа коюп укту да анан мындай деди:

– Эми мындай кылыңыз Жоке, – Токойго кайра чаптырыңыз. "Жолборс түшкө чейин тамак таратты эле түштөн кийин акыл таратат экен" деп кабар айттырыңыз. Ошондо ала келишээр көтөрө кеткендерин.

Жолборс дал ошондой иштеди. Бирок эки саат өттү эч ким келбеди. Кеч кирип каш караңды эч ким келбеди. Эртеси болду эчким келбеди.

Ушул убакка чейин эч ким келе элек.

## Ажыдаар аял

Илгери бир мүнүшкөр кан жигиттери менен куш салып жүрсө кушу учуп кетет экен. Кандын бир жигити артынан барып таппай келет да:

"Каным бир укмуш мен кушту кубалап баратсам чоң таштын түбүндө ай десе арксыз, күн десе керксүз жок бир сулуу кыз туруптур салам берейин деп сулуулугунан сүрдөп жанына бара албай койдум" – дейт жигит.

Кан бул сөздү угаар менен баягы жерге келет. Чын эле ааламда жок сулуу кыз турат.

– Кайсы тараптан кайсы элден келе жаткан периштесиң – деп сурайт кан.

– Күн чыгыш тараптан өзүнө теңдеш бактылуу күйөө табар бекенмин деп өңден азып жер кезип келем – дейт кыз.

– Андай болсо мен бир элдин канымын жактырасың мага тийгин.

– Мең сизге тийеин бирок бир шарт менен. Мен турган үйдө сиз гана болосуз. Башка адам кирүүгө тыюу саласыз – деди кыз.

Кыз дагы айнып кетпесин деп ойлоп кан дароо макул болду да кызды жоргого мингизип шаарына алып кетти. Кан шаан-шөкөт менен чоң той берип аялын өзүнчө ергөөгө киргизип айтылган шартты толук аткарды. Арадан күндөр өттү кан өзүнчө эле жүдөй баштады. Каны качып, кубарып арыктап сөлөкөтү эле калды. Кандын ордосуна жан келмек түгүл асмандан куш учуп өтпөйт. Ошол күндөрү кан "Сыркоолоп калдым" деп табып чакыртат. Адам аттуу табып кандын аялы турган ордого келип "эмне бар болду экен" деп ордонун эшигинен шыкаалап караса ордону жарып аккан сууну бөгөп көл кылып алып жаткан ажыдаарды көрөт экен. Табып жүрөгүн токтотуп дагы эмне болоор экен деп карап турса бир оокумда баягы ажыдаар келишкен сулуу кыз болуп созула басып үйүнө кирип кетет. Адам табып кандын оорусу эмнеден экенин толук түшүндү. Кайра канга барып: "Үйүңдөн көрүп дарылайм" – деп табыптыктын бардык ыгы менен кандын ден соолугун шашпай текшерип чыкты. Кандын аялы бул убакта сынын бузбай созулуп отурду.

– Дартым эмнеден экен – деп сурады кан.

– Эч кандай дартыңыз жок. Ден соолугуңуз таза жен гана мүнүшкөрдүктү таштагандыкы экен. Жигиттериңизди ээрчитип ууга чыгып көңүл ачсаңыз эле баары ордуна келет – деп табып эч нерсе ооз тийбей таазим кылып чыгып кетет.

Кан эртеси кушун колуна кондуруп жигиттерин ээрчитип ууга чыкты. Кайра тартып келатканда жолунда табыптын турганын көрдү. Кан кайрылып салам берип: "Жол болсун табыбым" – деп сурады. Анда табып: "Каным кечээ дартыңызды тапкан менен аялыңыздан айбыгып айта албадым ал сулуу аял эмес – ажыдаар экен" – деп болгон окуяны канга айтып берди.

"Анын ажыдаар экенин өз көзүмө көргөз анан ишенейин" – деди кан.

– Болуптур көргөзөйүн – деди табып. Биринчиси тирүү кекилик алып үйүңө киргин кекилик кирери менен жан бе-

рет себеби ал айбандардын биринчи жоосун көрөрү менен жүрөгү түшүп өлөт. Экинчиси агып жаткан сууну какшытып башка нукка салдыр. Кечинде туздуу тамак жасатып кадырың салсаң да алдап жедир. Үйүңө кенедей идишке да суу койдурба, анан уктамыш болуп карап жат. Мына ошондо билесиң каным. Анан кийинки амалды өзүм табам – деди табып.

Айткандай үйүнө тирүү кекилик алып келип аялыңа көргөзмөк болду эле аялы колуна алганча кекилик тырп этпей жан берди. Куштун жүрөгү түшүп калган го деп аялына шек билдирбеди. Бир аз күн өткөн кезде кан экинчи шартты жасады. Түн ортосу ченде кан уктамыш болуп карап жатса төшөктөн ажыдаардын башы сойлоп чыкты. Куйрук жагы кандын денесине тийип жатса да аябай созулуп ар кайсы идиштен суу издеп жатты. Бирок суу таппай айласы кетип кайра жыйрылып мурдагы калыбына келип үйдө суу жок экен өзөндөн суу алып келип берчи деп канды ойготту. Кан өзөнгө барып анда да суу жок экен деп кайта келди. Аңгыча таң да атты. Аялдын тынчы кетти. Кан ордосуна барып көргөнүн жигиттерине айтып дарыяга сууну кайра бурдуртуп, ыраактан карап турса аялы эки жакты абайлап карап сууну бөгөп ажыдаар болуп суугa кирип суусуну канганча шимирди. Кан Адам табыпты чакыртып ажыдаарды кантип жок кылуунун сырын сурады.

– Каным эми бул ажыдаардын сексен күндүк жаш калды. Ошондон кийин чыныгы ажыдаар болот. Ошого чейин жок кылбасаң бүт шаарыңды сорот. Буга темирден терезеси жок үй куруп алдап киргизип эшигин бекем жаап туш-туштан от коюп өрттөп жибербесек андан башка айла жок. Тамакка уу кошуп берген менен сен жебесең ал өлүп баратса да ооз тийбейт. Сен шек алдырбай мурункудай эле жүрө бер – деди.

Кан бир жуманын ичинде темирден үй салдырат. Аялын алдап баягы үйгө киргизет. Аялы үйгө кирип кылчайып канды чакырганча эшик шак жабылып бекем бекитилет. Даяр турган усталар көрүгүн күркүрөтүп туш-туштан отту үйлөп кирди эле темир үйдүн ичинен кулак-мээни жарган ажыдаардын үнү чыкты. Эртеси эшикти ачып карашса үй толгон ажыдаардын күлү калыптыр. Элди азаптан куткарган Адам табыпка кан ордосунан орун берип ордо кишиси кылып алат. Эл аман, жер аман амалдуу ажыдаардан кутулган кан мурдагы абалына келип аман-эсен, элин сактап көпкө өмүр сүрүптүр.

УДК 821.51-93
ББК 83.8
Б 42



Б 4803300100-15
ISBN 978-9967-27-879-0

УДК 821.51-93
ББК 83.8
© Бекбоева Валентина, 2015